«БЕКИТЕМИН»

---------мектеп

-------мектеп дир. ф.и.о

------колу, печать

## Мектеп директорунун уюштуруу иштери боюнча орун басарынын

## ЖОБОсу

Уюштуруучу окуу жайдын директорунун тарбия иштери боюнча орун басарынын сунушу боюнча окуу жайдын директору тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат.

Уюштуруучу түздөн-түз окуу жайдын директоруна баш иет.

Уюштуруучу төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш: билим берүү системасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын; мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар; Балдардын укуктары жөнүндө конвенция; курактык жана атайын педагогика жана психология; билим берүү технологияларын; ар түрдүү курактагы окуучулар, алардын ата-энелери, аларды алмаштырган адамдар, жумуштагы кесиптештери менен байланыштарды түзүүнү.

**1. Функциялары**

**Уюштуруучунун негизги иш-аракеттери:**

1. Мектептин ар кандай иш-чараларына, мугалимдердин дежурствосу жана башка уюштуруу иштерине жооптуу

2. Мектепте жалпы кечелердин өткөрүлүшүн көзөмөлдөйт жана ишке ашырат

3. Окуучулардын сабактарга катышуусун жана тазалыгын көзөмөлгө алат

4. Ар кандай (мектеп ичинде) уюмдарды жетектейт

5. Мектептин тазалыгына жооптуу жана ишембилктердин өткөрүлүшүн көзөмөлдөйт

6. Ишембиликтердин жана мугалимдердин дежурствосунун графигин түзөт

7. Окуучулардын бош убактысын уюштуруу, балдарды иш чараларга тартуу

8. Мектептен сырткары коллектив ичинде болуп туруучу иш-чараларды уюштурат жана көзөмөлдөйт

9. Ар кандай семинар, чогулуштарга баруу жана иш пландарын түзүүнү уюштурат

10. Пед. коллектив жана класс жетекчилер менен иш алып барат;

11. окуучулардын инсандыгын, талантын жана жөндөмүн өнүктүрүү;

12. окуучулардын жалпы маданиятын калыптандыруу;

**2. Кызматтык милдеттери**

**Уюштуруучу төмөнкү кызматтык милдеттерди аткарат:** 1.

2.1 Инсандын, талантын жана жөндөмдүн өнүгүшүнө, окуучулардын жалпы маданиятынын калыптанышына, аларды тарбиялоодо социалдык чөйрөнүн кеңейишине көмөк көрсөтөт.

2.2. Педагогикалык жана психологиялык илимдер тармагындагы жетишкендиктерге, ошондой эле заманбап маалыматтык технологияларга жана окутуу усулдарына таянуу менен окуу сабактарын, тарбиялык жана башка иш-чараларды өткөрөт.

2.3. Балдар клубдарынын, ийримдеринин, секцияларынын жана башка ышкыбоздук бирикмелердин ишин, окуучулардын жана чоңдордун ар түрдүү жеке жана биргелешкен иштерин уюштурат.

2.4. Кечелерди, экскурсияларды уюштурат.

**3. Укуктары**

**Уюштуруучу төмөнкүлөргө укуктуу:**

3.1. Окуучулар менен иштөөнүн формаларын жана ыкмаларын, педагогикалык максатка ылайыктуулугунун негизинде пландаштыруу;

3.2. Кесиптик ар-намысты жана кадыр-баркын коргоого;

3.3. Даттануулар жана анын ишине баа берилген башка документтер менен таанышууга, алар боюнча түшүндүрмө берүүгө;

4. **Жоопкерчилик**

4.1. Уюштуруучу мыйзамдарда белгиленген тартипте маданий, спорттук жана башка бош убакытты өткөрүүдө окуучулардын өмүрү жана ден соолугу үчүн, ошондой эле окуучулардын укуктарын жана эркиндиктерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

4.2. Билим берүү мекемесинин Уставын жана Ички эмгек тартибин, мектептин директорунун мыйзамдуу буйруктарын жана башка жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды, ушул Нускамада белгиленген кызматтык милдеттерин жүйөлүү себептерсиз аткарбагандыгы же эмгек мыйзамдарында аныкталган тартипте аткарбагандыгы үчүн уюштуруучу дисциплинардык жоопкерчиликке тартылат.